Приложение 5
к постановлению президиума
ВАК Кыргызской Республики
от 27 декабря 2016 года № 234

**Паспорт научной специальности**
**Адистиктин шифри: 10.02.01-кыргыз тили**

**Адистиктин формуласы:**

«Кыргыз тили» адистигинин мазмунун азыркы кыргыз тилинин теориялык маселелерин иштелип чыгышы, анын тарыхый өнүгүш жолун системалаштырып, тарыхын, илимий грамматикасын көрсөтүү түзөт. Кыргыз тили — кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын формасы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Кыргыз тили мамлекеттик тил катары Кыргыз Республикасындагы улут аралык мамилелердин да тили болуп эсептелет. Кыргыз тили теги боюнча түрк тилдеринин системасына кирет да, алтай тили менен бирге чыгыш хун бутагынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт. Кыргыз адабий тили —кыргыз тилинин нормага салынган, кодификацияланган функционалдык-коммуникативдик түрлөрү бар формасы. Азыркы кыргыз тилинин түзүлүшүн жана колдонулушун изилдөөдө сөз жана текст негизги түшүнүктөр болуп саналат. Сөздүк жана грамматика тилдик системасын көрсөтүүчү эки жол болуп эсептелет. Кыргыз тилинин ар түрдүү деңгээлдеги системасын изилдей турган дисциплиналарга: фонетика, лексикология, морфемика жана морфонология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, стилистика ж.б. кирет.

**Изилдөө тармактары:**

*Кыргыз тилинин фонетикасы*. Кыргыз фонетикасынын изилдениши.Адабий тилдеги тыбыш жана фонема. Кыргыз адабий тилиндеги тыбыш жана тамга. Адабий тилдеги тыбыштарды классификациялоонун принциптери. Кыргыз адабий тилдеги үндүү тыбыштар жана алардын акустика-артикуляциялык жактан бөлүнүшү. Кыргыз адабий тилинде үнсүз тыбыштар жана алардын акустика-артикуляциялык жактан бөлүнүшү. Созулма үндүүлөр. Фонетиканын акустика-артикуляциялык жана лингвистикалык аспектиси. Сингармонизм (үндөшүү) кубулушу, анын табияты жана түрлөрү.Тыбыштарды алга, артка карай ээрчип окшошуусу (ассимиляция, диссимиляция). Фонетиканын анатомия-физиологиялык аспектиси. Тыбыш жасоочу органдар, алардын бөлүнүшү. Басым, анын түрлөрү (сөз басымы, Фразалык, логикалык басымдар). Кыргыз тилиндеги муун жана анын түрлөрү (ачык, туюк, жабык муун). Интонация, анын аткарган кызматы жана милдеттери. Кыргыз адабий тилинин орфоэпиясы. Кыргыз орфографиясынын негизги принциптери. (фонетикалык, морфологиялык, салтык жана айырмалоо принциптери). Графика жана транскрипция жөнүндө түшүнүк. Кыргыз тилинин фонетикасын изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери.

*Кыргыз тилинин лексикологиясы*. Кыргыз тилинин лексикасы, анын тарыхый калыптанышы. Кыргыз лексикасынын баюу жолдору (лексиканын байышынын ички жана сырткы булагы). Сөз – лексиканын жана грамматиканын бирдиги. Жөнөкөй жана татаал сөздөр. Татал сөздөрдүн түрлөрү жана алардын жасалышы. Кыргыз лексикасынын тарыхый жактан куралышы жана академик К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» (1965).Семасиология жөнүндө окуу. Сөз маанилеринин түрлөрү (сөздүн түз жана өтмө маанилери). Архаизмдер, историзмдер, неологизмдер, омонимдер, синонимдер. Полисемия (көп маанилүүлүк), анын келип чыгыш жагдайлары. Метафора, метонимия, синекдоха ыкмасы. Антонимдер, алардын пайда болу жолдору жана тилдик булактары.

Табу (тыюу) жана эвфемизм (тергөө) сөздөрү, алардын колдонулуш өзгөчөлүктөрү. Жалпы элдик жана диалектилик лексика, алардын карым-катышы (диалектилик лексиканын түрлөрү, алардын мүнөздүү белгилери). Кыргыз лексикография илими, анын өкүлдөрү. Сөздүктөрдүн түрлөрү. Кыргыз лексикологдору жана лексикографтары. Төл жана бөтөн сөздөр (алардын академик К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча» сөздүгүндө» (1965) белгилениши). Фразеология жөнүндө жалпы маалымат (эркин жана туруктуу сөз айкашы). Кыргыз тилинин лексикологиясы, анын изилдениши.
*Кыргыз тилинин морфологиясы.* Кыргыз морфлогиясынын изилдениши. Грамматикалык маани жана грамматикалык каражат. Грамматикалык категориялар. Сөз тутуму жана алардын бөлүктөрү. Уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери.Мүчөлөрдүн бөлүнүшү: сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү жана форма жасоочу мүчөлөр. Сөздөрдүн тутуму жагынан жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнүшү.Татал сөздөр жана алардын түрлөрү. Кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган, бириккен сөздөр. Кош жана кошмок сөздөрдүн бөлүнүшү. Сөз түркүмдөрү. Маани берүүчү жана кызматчы сөздөр. Сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдөгү негизги принциптер (семантикалык, морфологиялык, синтаксистик принциптер). Зат атооч, анын лексика-тематикалык топтору. Энчилүү жана жалпы аттар. Зат атоочтун сан категорисы. Зат атоочтун таандык категориясы. Жак таандык жана жалпы таандык мүчөлөр. Зат атоочтун жөндөмө категориясы. Жардамчы атоочтор. Сын атооч. Сын атоочтун даражалары, сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу. Сан атооч, анын лексика-семантикалык мааниси, морфологиялык белгилери. Сан атоочтун лексика-семантикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүнүшү. Ат атооч. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Этиштин лексика-семантикалык, грамматикалык мүнөздөмөсү. Этиштин морфологиялык жол менен жасалышы. Өтмө жана өтпөс этиштер. Мамиле категориясы жана анын түрлөрү. Ыңгай категориясы жана анын түрлөрү. Чак категориясы. Этиштин өзгөчө формалары. Чакчылдар. Атоочтуктар, алардын жасалышы. Кыймыл атоочтор, алардын лексикалык, грамматикалык кызматы. Тактооч.Тактоочтордун маанисине карай бөлүнүшү.Тууранды сөздөр. Тыбыш тууранды жана элес тууранды сөздөр. Сырдык сөздөр. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү. Кызматчы сөздөрдүн лексика-семантикалык, грамматикалык мүнөздөмөсү. Кызматчы сөздөрдүн бөлүнүшү. Байламталар жана алардын маанисине, грамматикалык аткарган милдеттерине карай бөлүнүшү. Жандоочтор. Жандоочтордун жөндөмөлөр менен айкашуусуна карата бөлүнүшү. Модаль сөздөр. Модаль сөздөрдүн берген маанисине карай бөлүнүшү. Бөлүкчөлөр. Бөлүкчөлөрдүн грамматикалык маанисине карай бөлүнүшү. Кыскартылган сөздөр жана графикалык кыскартуулар. Бириккен сөздөр. Кыргыз тилинин морфологиясын изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери.

*Кыргыз тилинин синтаксиси.* Кыргыз синтаксис илиминин жаралышы, калыптанышы, азыркы абалы. Сөз айкашынын синтаксиси. Сөз айкашынын грамматикалык түзүлүшү. Сөз айкашынын эң негизги белгилери. Сүйлөмдү сөз айкаштарына ажыратуунун жолдору, критерийлери жана өзгөчөлүктөрү. Сөз айкашында багындыруучу сыңардын жана багыныңкы сыңардын өзгөчөлүктөрү. Сөз айкаштарынын классификациясы (сөз айкашынын структурасы, формасы, мүнөзү боюнча бөлүнүшү). Сөз айкашындагы синтаксистик байланыштын түрлөрү. (тең байланыш жана багыныңкы байланыш). Сөз айкашындагы багыныңкы байланыштын түрлөрү. (ээрчишүү, ыкташуу, таандык, жандоочтук байланыш). Жөнөкөй сүйлөм,алардын түрлөрү жана классификациясы. Бир тутумдуу жана эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр, алардын классификациясы. Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн классификациясы. Сүйлөм мүчөлөрү, алардын синтаксистик кызматы. Сүйлөм мүчөлөрдүн түрлөрү.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. (Ээ жана баяндооч).Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү. (аныктооч, толуктооч, бышыктооч). Бир өңчөй мүчөлөр, алардын грамматикалык кызматы. Сүйлөмгө грамматикалык жактан мүчө боло албаган сөздөр. Татаал сүйлөмдөр алардын классификациясы. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр, алардын түзүлүш

өзгөчөлүктөрү. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана алардын түрлөрү. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана алардын түрлөрү. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр, алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Баш сүйлөм жана багыныңкы сүйлөм. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр, алардын жасалышы жана түрлөрү.Себеп жана максат багыныңкы татаал сүйлөм. Өлчөм багыныңкы татаал сүйлөм (сан - өлчөм, орун, салыштырма өлчөм багыныңкы сүйлөм). Сыпат жана салыштырма багыныңкы сүйлөм. Бир өңчөй багыныңкы сүйлөм жана кыстырынды сүйлөмдөрдүн түзүлүшү. Аралаш татаал сүйлөм. Обочолонгон түзүлүштөгү сүйлөмдөр. Синтаксистик түрмөктөр. Атоочтук түрмөктөр жана чакчыл түрмөктөр. Кыргыз тилинин синтаксисинин изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери. Функционалдык стилдердин түрлөрү жана алардын белгилери.

*Илимдин тармагы:*

*Филология илимдери*